ТалМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, жактырылды
Протокол № 8
«29» апрель 2024-ж.

БЕКИТЕМИН
ТалМУнун ректору техн.и.д., профессор Ж.С. Шаршембиев
«30» апрель 2024-ж.

# ТАЛАС МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАШ ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

## 1. Жалпы жобо

1.1. Талас мамлекеттик университетинин Жаш окумуштуулар кеңеши жаштардын илимий жана техникалык чыгармачылык системасын уюштурууга жана өнүктүрүүгө багытталган түзүмдүк болуп саналат. Жаш окумуштуулар кеңеши жаш окумуштуулардын жана студенттердин чыгармачылык, интеллектуалдык потенциалын натыйжалуу пайдалануу, окуу процессин өркүндөтүү, жаштарды материалдык жана социалдык жактан камсыз кылууну жакшыртуу үчүн түзүлгөн.

Жаш окумуштуулар кеңешинин максаты: Талас мамлекеттик университетинин жаш окумуштууларынын жана студенттеринин өзүн-өзү өркүндөтүүсү үчүн илимий-чыгармачыл шарттарды түзүү.

1.2. Жаш окумуштуулар кеңеши өз ишмердүүлүгүндө мыйзамдуулукту, мамлекеттик тартипти сактайт жана өзүнүн жетекчилиги астында университеттин илимий багыттагы келечеги бар жаш окумуштууларын, аспиранттарын, изденүүчүлөрүн, илимий кызматкерлерин жана башка жаш адистерин (лаборанттарын) бириктирет. Жаш окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн жашы 40 жашка чейин.

1.3. Жаш окумуштуулар кеңешинин ишинин негизги принциптери, алардын укуктары жана милдеттери Талас мамлекеттик университетинин алдына коюлган конкреттүү милдеттерге жараша ушул ЖОБО менен аныкталат.

1.4. Жаш окумуштуулар кеңеши жөнүндө жобо жаш окумуштуулардын жалпы жыйынында талкууланат жана ТалМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып жактырылгандан кийин ТалМУнун ректору тарабынан бекитилет.

## 2. Жаш окумуштуулар кеңешинин милдеттери

2.1. Жаш окумуштуулар кеңешинин негизги милдеттери:

— Жаш окумуштууларды, окутуучуларды илимий-изилдөө, тажрыйба – конструктордук, технологиялык, ишке киргизүү жана башкаруу иштерине кенири тартуунун негизинде билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жана адистерди даярдоого катышуу.

— Жаш окумуштуулардын жана адистердин илимий-изилдөө иштерин уюштуруу.

— Кыргыз Республикасынын чарбасына илимдин алдынкы жетишкендиктерин киргизүүгө көмөктөшүү.

— Илимдин жана техниканын жетишкендиктерин пропагандалоо, маалыматтык – методикалык иштерди жүзөгө ашыруу, алдынкы тажрыйбаны жайылтуу.

— Жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн башка жогорку окуу жайларынын, республиканын илимий изилдөө институттарынын жаш окумуштуулары менен илимий-техникалык байланыштарды түзүү.

— Жөндөмдүү жана чыгармачыл талантуу жаштарды издөө жана колдоо.

2.2. Жаш окумуштуулардын кеңеши жүктөлгөн милдеттерге ылайык:

— Илимий конференцияларды, семинарларды өткөрөт, сынактарды, көргөзмөлөрдү уюштурат, жаш илимпоздордун иштеп чыгууларын жарнамалайт.

— Жаштардын илимий конференцияларга, симпозиумдарга, жаштар форумдарына ж.б. катышуусун камсыздайт.

— Жаш окумуштууларга материалдык жана моралдык колдоо көрсөтүү анын ичинде алардын иштерин ишке ашыруу.

— Улуттук, социалдык жана тилдик таандыктыгына карабастан жаш окумуштуулардын бирдей укуктарын камсыздайт.

— Жаштардын жамааттык жана жеке ишкердик ишмердүүлүгүн колдойт жана өнүктүрөт.

— Белгиленген тартипте башка ЖОЖдор жана илимий-изилдөө институттары, эл аралык жаштар уюмдары менен байланыштарды жүргүзөт.

— Жаштардын өз алдынча башкаруусун өнүктүрүүгө жана жаштардын бош убактысын маныздуу уюштурууга көмөк көрсөтөт.

— ТалМУнун Окумуштуулар кенешинин чечимдерин ишке ашыруу боюнча иштерди уюштурат.

— Жаш окумуштуулар кеңешинин ишин пландайт, бул пландардын аткарылышын көзөмөлдөйт.

— Университеттин илимий-техникалык жана билим берүү программаларын талкуулоого жана иштеп чыгууга катышат.

### 3. Жаш окумуштуулар кеңеши төмөндөгүлөргө укуктуу

— Илимий-изилдөө, конструктордук, технологиялык жана конструктордук иштерди жүзөгө ашыруу боюнча жана илимий-техникалык программалардын тапшырмаларын аткаруу боюнча конкурска катышууга.

— Илимий-техникалык билим берүү программаларын талкуулоого жана иштеп чыгууга катышууга.

— Чет мамлекеттерде стажировкадан өтүү үчүн жаш окумуштууларга жана адистерге талапкерлерди тандоо боюнча сунуштарды киргизет.

— Жаш окумуштууларды жана адистерди кызыктыруучу сыйлыктарга көрсөтүүгө.

### 4. Жаш окумуштуулар кеңешин башкаруу

4.1. Жаш окумуштуулар кеңеши өзүнүн практикалык ишин түздөн-түз ректораттын жетекчилиги астында, ал эми күнүмдүк ишин илим боюнча проректордун жетекчилиги астында жүргүзөт.

4.2. Жаш окумуштуулар кеңешин уюштуруу жана башка иштерине тике жетекчиликти окуу жана илимий иштери боюнча проректордун сунушу боюнча ТалМУнун ректорунун буйругу менен дайындалган төрага ишке ашырат.

4.3. Жаш окумуштуулар кеңешинин курамына Жаш окумуштуулар кеңешинин төрагасы, анын орун басары, факультеттердеги Жаш окумуштуулар кеңешинин төрагалары жана мүчөлөрү кирет.

4.4. Жаш окумуштуулар кеңеши университеттин структуралык бөлүмү болуп саналат. Жаш окумуштуулар кеңешинин иши үчүн жоопкерчилик анын төрагасына жүктөлөт.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

ОИ иштери боюнча проректор,
ОУКнин төрагасы Сурапов А.К.

Эл аралык байланыш бөлүмүнүн жетектөөчү адиси Койчуманов З.Т.